Бекитем
Т. Молдо атындагы №71 мектеп-интернатынын директору
Абдыкадыров Э.К.
2023-2024-ж.

Соц.педагог:
Алиева Зульфия Акматкановна
Пед.стажы – 32 жыл
Соц.педагогдук стажы- 8 жыл

## Социалдык педагогдун кызматтык милдетери:

**1**.Баланын жашоо-тиричилигиндеги оручундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн,мектептин коомдук чөйрөнүнүн,социалдык кызматтардын,ведомостволорун, укук коргоочу жана администрациалык органдардын ортосунда арачы болот да,анын кызыкчылыктарын жактайт;
**2**. Балдардын жашоо шартын иликтөө үчүн социалдык сурамжылоо, диагноздоочу изилдөө жүргүзөт .
**3**.Окуучулардын психологиялык-медициналык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн,жашоо чөйрөсүн жана шарттарын иликтейт.
**4**.Баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды,чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди аныктоо максатында үй-бүлөөнү иликтейт.
**5**.Ата-энелер менен балдардын мамилелерин жакшыртууга көмөктөшөт.Бейжай үй-бүлөдөгү балдардын баарлашуусу (коммуникативдик) көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөгө түзөт.
**6**.Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, алардын ата-энелик милдеттерге аң сезимдүү мамиле жасашына көмөктөшөт,ошондой эле ата-энелери менен мамилеси начарлаган балдардын маселелерин чечүүгө жардам берет.
**7**.Балдарды коргоо жана социалдык колдоо,өмүрүн жана ден-соолугун сактоо боюнча чараларды көрөт.
**8**.Камкордукка жана тарбияга муктаж балдарга зарыл жардам берет.
**9**.Жетим жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдарды турак жай,пенсия менен камсыздоо боюнча көмөк көрсөтөт.
**10**.Класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерге тартуу,балдар жана жаштар уюмдары,мекемелери,клубдары менен кызматташуу аркылуу балдардын бош убактысын уюштурууга көмөктөшөт.
**11**.Балдар иштери боюнча комиссияга катышат.
**12**.Зарыл болгондо,балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы жөнүндө күбөлүгүн,паспортун) калыбына келтирүүгө жардам берет.

**13**. Төмөнкүдөй окуучуларга жардам көрсөтүү үчүн алардын эсебин жүргүзөт,мугалимдер,мектеп психологу,ата-энелер(алардын ордун баскан адамдар),атайын социалдык кызматтар, кайрымдуулук уюмдары менен кызматташат:
-жүрүм-туруму бузулган,
-кыйын (опурталдуу) кырдаалга туш келген
**14.** Социалдык кооптуу үй-бүлөлөрдү аныктайт.
**15.**Толук эмес үй-бүлөлөр менен иштөө.
**16**.Багуучусунан айрылган балдарды жөлөк пул, пенсия менен камсыздоого.
**17.**Жетим жана ата-энесинин кароосуз калган окуучу ( тарбияланууучу ) балдардын сактык салымдарын, баалуу кагаздарын тариздөөгө.
**18.**Камкордукка алынган балдар менен иштөө.
**19.**Балдарга, ата-энелерге жана мектеп педогогдоруна кеңеш, социалдык-педагогикалык жардам берет.
**20.** Мектептин педагогикалык кеңешинин ишине катышат.

Социалдык педагог өз ишин Билим берүү мекемесинин Жобосуна жана Уставына ылайык жүргүзөт

Тааныштым: